УДК 894. 341 (07)

К. Адиев

# «МАНАС» ЭПОСУН КАНДАЙ МЕТОДДО ИЗИЛДЕШИБИЗ КЕРЕК?

*Илимий макалада «Манас» эпосун изилдөөдө тарыхый-салыштырма методду колдонуу менен эпосту Алтай-Саян чөйрөсүндөгү боордош элдердин фольклору менен салыштырып изилдөөнүн натыйжалуулугу тууралуу пикирлер айтылат.*

Улуу манасчы Сагымбай Орозбак уулунун айтуусундагы «Манас» эпосуна жазган баш сөзүндө азыркы замандын залкар жазуучусу Чыңгыз Айтматов өзүнүн терең байкоосунун негизинде өтө маанилүү илимий көз караштарын төмөнкүчө жазган: «Сөз жок, «Манас» эпосунда реалдуу турмуш, тарыхый окуялар чагылганы талашсыз. Бул баарынан мурда ошол тарыхый жана реалдуу окуялардын негизинде кыргыз элинин чыгармачылык генийинен жаралган, улам такталып, тазарып, артыкбаш мүчүлүштөрдөн бошонуп, керектүү, зарыл жаңы кошумчаларды кабыл алып, тулку боюна сиңирип, өзүнүн бүгүнкү көз кайкыган бийиктигине жеткен көркөм чыгарма. Ошондуктан, бул чыгармада кадимки кадыресе жашоо тиричилик менен катар, акыл жеткис укмуштуу фантастика, тарыхый окуялардын алыскы чагылышы менен катар, шумдуктуу миф табигый түрдө бирге жашайт. Аларды биринен бири ажыратууга, бөлүп салууга болбойт. Алар бирине бири өтмө катар чырмалышкан». Ушул сыяктуу эле Ч.Айтматов эпос ар түрдүү катмардан тургандыгын белгилеп, мындайча жазган: «Ар түрдүү тарыхый кырдаалга ылайык эпостун көркөмдүк турпатына, кала берсе идеялык түзүлүшүнө ар түрдүү катмарлануулар болбой коюшу мүмкүн эмес. Катмарлануунун өзү да эпостук касиет» (1. 8-9-б.).

Көрүнүктүү орус окумуштуусу, «Манасты» алгачкы изилдөөчүлөрдүн бири, академик В.М.Жирмунский өзү негиздеген салыштырма-тарыхый методдун илимий принциптеринин багыты боюнча талдоо жүргүзүп келип, эпостун татаал составында негизинен үч катмар бар экендигин белгилеген. Биринчи катмар жөнүндөгү көз карашын толук келтирели. «Древнейший, доисторический, в основном – сказочно-мифологический, не может быть прикреплен к определенным датам: в широких рамках он относится к VI-XIV в.в. К этому слою восходит фигура Манаса (в ее первоистоках), Джолой, Сайкал, Тоштюк, Оронгу, Коджожаш и немногие другие. Герои и сюжеты, принадлежащие к этому слою, находят близкие аналогии в богатырской сказке тюркских народов Сибири и ведут на древнюю родину киргизов в верховьях Енисея» (2.с.323). В.Жирмунскийдин бул илимий пикиринин эпостун алгачкы

катмарын, башкача айтканда, жомоктук-мифологиялык катмарын чечмелеп аныктоодо эң туура методологиялык курал болорунда талаш жок.

Албетте, «Манас» эпосун изилдөөчүлөрдүн бардыгы, ошондой эле өз ой-пикирлерин макала түрүндө жазган авторлордун жалпысы, ал көп катмарлуу экендигин, анын составында мифтик-жомоктук көп сюжеттер менен мотивдер, ар түрдүү түшүнүктөрдүн элементтери сакталганын белгилеп келатышкандыгы да маалым. Бул багыт боюнча 1960-жылдарда гана илимий изилдөө иштери колго алына баштаган. Ал эмгектердин алгылыктуулары катары Р.З. Кыдырбаеванын «К проблеме традиционного и индивидуального в эпосе «Манас» (Фрунзе, 1966), Э.Мамытбеков менен Э.Абдылдаев тарабынан биргелешип чыгарылган «Манас» эпосун изилдөөнүн кээ бир маселелери (Фрунзе, 1966), Э.Абдылдаевдин «Манас» эпосунун тарыхый өнүгүшүнүн негизги этаптары (Фрунзе, 1981) жана «Манас» эпосунун историзми (Фрунзе, 1987), С.Бегалиевдин «О поэтике эпоса «Манас» (Фрунзе, 1968), Р.Сарыпбековдун Алмамбеттин образынын эволюциялык өнүгүшү (Фрунзе, 1977), «Манас» эпосундагы баатырдык мотивдердин эволюциясы (Фрунзе, 1987) сыяктуу эмгектерин көрсөтүүгө болот.

Кийинки жылдарда эпостун алгачкы жомоктук-мифологиялык катмары жөнүндө атайын диссертациялык изилдөөлөр жазылып, бул проблеманы дагы тереңдетип иликтей башташты. Мисалы, Н.Х.Бекмухамедованын «Эволюция женских образов эпоса «Манас» деген эмгегин жогорку деңгээлде жазылган эмгек катары баалasак болот (3).

Фольклор жөнүндөгү илимде (фольклористика) методологиялык багыт катары кеңири колдонулуп келаткан метод академик В.Жирмунскийдин теориялык жактан негиздеген салыштырма-тарыхый метод экендиги белгилүү.

Бул эң туура багыттагы илимий методду дагы ар тараптан толуктап өнүктүрүүдө, аны чыгармачылык менен колдонууда орустун фольклорист-окумуштуулары: В.Я.Пропптун, Е.М.Мелетинскийдин, Б.Н.Путиловдун, Н.И.Кравцовдун, М.М.Плисецкийдин дагы башка изилдөөчүлөрдүн да салымдары чоң болгон. Мурунку союздун курамындагы элдердин жалпысы өздөрүнүн оозеки поэтикалык чыгармаларын изилдөө иштеринде бул салыштырма-тарыхый методдун принциптерине таянуу менен көптөгөн проблемалык маселелерин туура чечип келишти. Азыркы кезде, көп катмардан калыптанган «Манас» сыяктуу эпикалык чыгармалардын проблемалуу маселелерин чечмелеп, илимий негизде туура түшүндүрүүдө албетте, салыштырма-тарыхый методду түздөн-түз колдонушубуз зарыл.

В.Жирмунский тарыхый кубулуштарды салыштырып изилдөөдө төмөнкүдөй ыкмаларды колдонуу керектигин белгилеген:

1. Сравнение историко-генетическое, рассматривающее сходство между явлениями как результат их родства по происхождению и последующих исторически обусловленных расхождений.
2. Сравнение историко-типологическое, объясняющее сходство генетически между собою несвязанных явлений сходными условиями общественного развития.

3. Сравнение устанавливающее международные культурные взаимодействия, «влияния» или «заимствования», обусловленные исторической близостью данных народов и предпосылками их общественного развития» (4.с.186).

Салыштырып изилдөөдө бул методологиялык жоболордун ар бирин конкреттүү фольклордук чыгарманын мүнөзүнө жараша колдонуу керек экендиги түшүнүктүү. Белгилүү бир конкреттүү эпикалык чыгарма татаал составдуу болуп, көп катмардан калыптанып, узак мезгилди башынан өткөрүп келсе, жогорудагы жоболордун үчөөнү тең бирге колдонуу зарыл экендигин проф. Н.И.Кравцов төмөнкүчө түшүндүрөт: «...что фольклорное произведение представляет собой сложное художественное целое, которое прошло длительный путь существования и в котором проявились и пережитки древнего наследия художественной культуры, и следы заимствований или влияний, и общие закономерности развития народного творчества» (5.с.19.). Окумуштуунун бул пикири да толугу менен «Манас» эпосун изилдөөгө тиешелүү экендигин, жогорудагы методикалык ыкмалардын үчөөнү тең пайдалануу зарылдыгын далилдүү белгилеп жатат.

Эми «Манас» эпосун ар тараптан туура багытта терең изилдөө үчүн дагы бир методологиялык принципти эстен чыгарбообуз керек. Бул үчүн элибиздин башынан өткөрүп келген тарыхын, анын этаптарын, этногенетикалык маселелерин өздөштүрүүнүн мааниси зор. Орустун көрүнүктүү фольклористи В.Я.Пропп өз мезгилинде бул жөнүндө төмөнкүдөй изилдөөнү сунуш кылган: «Азыркы кезде элдик поэзия тарыхый жактан изилдениш керек деген ой биздин фольклористиканын бирден бир аксиомасы болуп калды. Элдик поэзиянын тарыхын изилдөө элдин тарыхын изилдөөнүн базасында жүргүзүлүш керек» (6.с.19). Демек, салыштырып изилдегенде кыргыз элинин тарыхын гана эмес, алар менен карым-катышта жашаган коңшу элдердин өз ара тарыхый-маданий байланыштарын да эске алып, жалпы маданий ареалдын фонунда изилдешибиз зарыл.

Себеби, Орто Азияда жашаган түрк-монгол элдеринин ортосунда, алардын ар бири өзүнчө эл болуп калыптануу процессинде ар кайсы мезгилде ар түрдүү уруулардын өз ара аралашуусу болгондугун тарых илими айкын жана далилдүү көрсөтүп келатканы белгилүү.

Ошондуктан, этногенез мезгилиндеги оозеки поэтикалык чыгармалардын традициялык үлгүлөрүнүн айрым кубулуштары ар башка элдердин фольклорунда сакталып, генетикалык окшоштук болгон фольклордук чыгармалардын фактыларын кеңири географиялык мейкиндикте жашап келаткан түрк-монгол элдеринин фольклорунун ар биринен жолуктурууга болот. Бул элдердин фольклордук чыгармаларын салыштырма ыкма аркылуу изилдеген илимий эмгектердин баары алардын ортосунда генетикалык окшоштуктардын көп фактылары бар экендигин ишенимдүү далилдер менен белгилеп келүүдө.

Татаал составдуу «Манас» эпосуна анализ жүргүзүп, анын алгачкы жомоктук-мифологиялык катмарын аныктоодо салыштырып изилдөө үчүн чыгармаларын мисалга алсак, илимий тыянактар натыйжалуу болот деген ойдобуз. Мындай салыштырууда тектеш тилдеги элдердин фольклору менен «Манас» эпосунун составындагы генетикалык да, типологиялык да, ошондой эле өз ара маданий таасир аркылуу киргизилген окшош кубулуштарды да айкын белгилөөгө мүмкүндүк болот.

Салыштырып изилдөөдө дагы бир көңүлдү буруучу маселе, бул бир-биринен өздөштүрүлгөн окшоштуктардын «Манас» эпосунун составында анын көптөгөн фактыларынын болгондугун да изилдөөчүлөр туура белгилеп келе жатышат. Мындай орток окшош фольклордук кубулуштар эпостун тарыхый өнүгүшүнүн ар бир этабында киргизилип, анын көркөмдүк формасын өркүндөтүп, уламдан улам сиңирилип, байытып отуруп монументалдуу деңгээлге чейин өстүрүп келген фактордун бири болгондугу да талашсыз.

Жомоктук-мифологиялык сюжеттерди, эпикалык мотивдерди, ар түрдүү персонаждарды да өзүнүн поэтикалык системасына сиңирген «Манас» эпосуна анализ жүргүзгөндө кайсы этаптарда киргендигин эске алышыбыз зарыл. Анткени, Сибирдеги түрк-монгол элдеринин (алтай, хакас, шор, якут, бурят ж.б.) фольклору менен генетикалык да, типологиялык да көп окшоштуктар бар экендиги белгилүү. Мындай жалпылыктар эпостун алгачкы архаикалык катмарын түзүшү мүмкүн. Бул катмар кыргыз урууларынын ошол Сибирь чөйрөсүндөгү элдер менен тарыхтын белгилүү бир учурунда этникалык жана тарыхый-маданий байланыштары болгондугу менен түшүндүрүлөт. Ошондой эле Орто Азияда жашаган түрк тилиндеги элдердин фольклорундагы олуттуу өзгөчөлүктү эске алышыбыз керек. Анткени, алардын фольклорунда Иран жана мусулман дүйнөсүнүн мифологиялык катмары орун алган. Бул өздөштүрүлгөн жомоктук-мифологиялык кубулуштардын (персонаждар, сюжеттер, мотивдер) эпоско катмарланышынын закон ченемин туура белгилешибиз керек.

Бур маселе тууралуу казак окумуштуусу, академик А.Маргулан: «О характере и исторической обусловленности казахского эпоса» деген илимий макаласында казак элинин эпосторунун жаралышын беш тарыхый мезгилге бөлүп карап, анын биринчи, архаикалык мезгили жөнүндө төмөнкүдөй көз караштары айткан: «Доисламские мифы, легенды и предания древнетюркских племен в качестве основного мифологического сюжета в ранний период выступает культ неба («теңири»), культ отца («тотем»), сказания о сером волке («көк бөрү»), о лебеде («Ак куу»), сказания об источниках жизни счастья («кут», «умай») и др.» (7.с.77). Бул аталган мифологиялык персонаждар менен сюжеттер ислам динине чейинки түшүнүктөр менен шартталышын, фольклордун ар түрдүү жанрларында сакталып келгендигин белгилөө менен бирге, булар кыргыз элинде да бирдей эле функция аткарып, бирдей эле ат менен аталгандыгын жогорку фактылар толугу менен ырастап турат.

Демек, «Манас» эпосунун алгачкы катмарына анализ жүргүзгөндө тектеш, этникалык жагынан да, тили жагынан да өтө жакын жалпылыгы болгон коңшу элдердин фольклору менен салыштырып изилдөөгө түздөн-түз мажбур болобуз.

«Манас» эпосунун варианттарын жыйнап, анын текcттерин бастырып чыгаруу жана изилдөө иштери акыркы жылдары колго алынып, окурмандар чыгарманын оригиналы менен таанышуу мүмкүнчүлүгүнө ээ болушту. Ошондой эле мурун эпостун тексттерин жарыялоодо ошол замандын идеологиялык талаптарына ылайыктап, одоно түрдө өтө кыскартылып, редакцияланып оңдоолор менен басмадан жарык көрүп келди. Фольклор жөнүндөгү илимдин спецификалык принциптерине туура келбеген бул доордун идеологиялык талаптары изилдөө иштерине да өзүнүн тескери таасирин тийгизип, жолтоо болуп келди. Ошондуктан, мурун, негизинен, саясий талапка ылайык фольклордук чыгармалардын, көбүнесе эпикалык чыгармалардын көркөмдүк касиеттери анча эске алынбай, идеялык мазмунун иликтөө багытында гана алардын идеялык тазалыгын аныктоого арналган изилдөөлөр басымдуулук кылган.

Ошондуктан, «Манас» эпосун изилдөөдө да ага карата мамилени өзгөртүшүбүз керек. Ар кандай коомдук кубулуштарга илимий мүнөздөмө берүү үчүн анын жаралышынан азыркы абалына чейинки эволюциялык баскычтарын ырааттуу түрдө иликтөө керек деген методикалык принцип боюнча эпоско мамиле жасашыбыз зарыл. Мына ушул себептен улам анын алгачкы жомоктук-мифологиялык катмарын аныктоо багытындагы изилдөө иши көңүлдүн борборунда болушу зарыл. Ал эми бул проблеманы натыйжалуу чечип, туура илимий тыянактарга келүү үчүн эң башкы маселе, жогоруда В.Жирмунский көрсөткөндөй, салыштырып изилдешибиз гана керек. Баарыдан мурда, кыргыз урууларынын байыркы ата мекени болгон Алтай-Саян чөйрөсүндө азыр да жашап келаткан элдердин (алтай, шор, хакас, бурят, тува ж.б.) фольклорун салыштырып иликтөөнүн материалы катарында пайдаланууга түздөн-түз мажбур кылат. Биринчиден, бул элдер коомдук өнүгүү системасы боюнча караганда уруулук-патриархалдык түзүлүштүн деңгээлинде гана калышкан. Демек, алардын традициялык фольклору да ошол өздөрүнүн коомунун деңгээлине көз каранды түрдө өнүгүүнүн төмөнкү баскычтарында сакталып келген. Ошондуктан, илимде бул элдердин эпикалык чыгармаларын архаикалык белгилерди көбүрөөк сактаган өзүнчө типтеги «баатырдык жомоктор» катарында жалпы фольклордук термин менен аталып келатат. Ал эми көчмөн феодализмдин шартында өзүнүнургалдуу өнүгүүсүн үзгүлтүксүз улантып келген «Манас» классикалык типтеги тарыхый-баатырдык эпос катары калыптанып, биздин доорго жетти. Демек, «Манас» эпосу өзүнүн үзгүлтүксүз ырааттуу өнүгүү баскычтарында «баатырдык жомок» тибиндеги эпикалык абалды да башынан өткөргөндүгү талашсыз. Экинчиден, Алтай-Саян чөйрөсүндөгү элдер менен кыргыз урууларынын этногенетикалык жагынан жалпылыктардын болушу, албетте алардын тарыхый-маданий байланыштарынын болгондугун айкын далилдеп турат.

Ошол үчүн кыргыз элинин байыркы тарыхынын белгилүү бир этабында Алтай-Саян чөйрөсүндөгү боордош элдер менен тыкыс карым-катышта

жашоонун натыйжасында өзүнчө бир ареалдык типтеги жалпылыкты түзгөн орток маданияты калыптанган десек болот.

Демек, «Манас» эпосунун биз алдыга койгон проблемасын салыштырып чечмелөө үчүн, негизинен, ал боордош элдердин фольклордук чыгармаларынын фактыларына жана фольклордук-этнографиялык изилдөөлөрүнө (фольклористикалык, тарыхый-этнографиялык) таянуубуз зор натыйжа берүүгө тийиш.

## АДАБИЯТТАР

1. Айтматов Ч. Байыркы кыргыз рухунун туу чокусу. –Сагымбай Орозбак уулу. Манас, 1- китеп, -Фрунзе: «Кыргызстан», 1978, 8-9-б.
2. Жирмунский В.М. Введение в изучение «Манаса». –Народный героический эпос. Сравнительно-исторические очерки. –М., -Л., 1962, с.323.
3. Бекмухамедова Н.Х. Эволюция женских образов эпоса «Манас». –Бишкек, 1977.
4. Жирмунский В.М. Сравнительное литературоведение. –Л., 1979, с.186.
5. Русское народное поэтическое творчество. Под редакцией проф. Н.И.Кравцова. –М., 1971, с.19.
6. Пропп В.Я. Основные этапы развития русского героического эпоса. –М., 1958, с.19.
7. Известия Казахской ФАН СССР. Серия историческая №2 (27), -Алма-Ата, 1946, с.77.